**№14 Жалал-Абад округдук шайлоо комиссиясы**

**Чечим № 43/98**

Жалал-Абад шаары

30.11.2021-жыл

1. 2021-жылдын 28-ноябрындагы КР Жогорку кенешинин депутаттарын шайлоо күнүндөгү “Таза шайлоо” коомдук фондунан №14 Жалал-Абад округдук шайлоо комиссиясына №2104 УШКсы боюнча видео кайрылуусу боюнча.

29-ноябрь 2021-жылы “Таза шайлоо” коомдук фондунан Жалал-Абад ОШКсына шайлоо бүткөндөн кийин №2104 УШКсы боюнча видео кайрылуу жасаган. Анда: Шайлоо бүткөндөн кийин №2104 УШКсынын торагасы Мисиралиев Нурдинден №Таза шайлоо” коомдук фондунун координатору Мамадалиева Мунара шайлоонун жыйынтыгы боюнча “жыйынтыктоочу протоколду” сураган. Торганын жообу толук эсептелип бүткөндөн кийин гана протоколго түшүрүп, толук жазып копиясын беруүнү эскерткен. Экөөнүн ортосундагы пикир келишпестик жыйынтыгы компромиске келишкен. Жыйынтыктан кийин гана протоколдун көчүрмөсүн берилери айтылган.

- Мындай көрүнүштү ар бирибиз туура кабыл алышыбыз керек. Мүмкүн тораганын чарчанкы абалы менен түшүндүрөбүз. Коомчулукта ар бирибиз гумандуулук менен ой-жүгүртүп, алдыга адам таштоо керек.

-№2104 УШКсынын төрагасы сабырдуулук менен мамиле жасашы керек эле. Ж.б жарыш сөздөргө ОШКнын мүчөлөрү өз сунуштарын айтып өтүштү.

Жогорудагы маселени карап, талкуулап № Жалал-Абад округдук шайлоо комиссиясы

**Чечим кылат.**

1. **№2104 УШКсынын торагасы Мисиралиев Нурдиндин шайлоолордогу активдүүлүктөрү эске алынып эскертүү берилсин.**
2. **Чечимдер “Таза шайлоо” коомуна жана БШКга жөнөтүлсүн.**

**Жалал-Абад округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы: Ж.Ж.Бейшенбаев**

**катчы: К.М.Ташиева**

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ №14 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ